КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

БАРСКООН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ БАРСКООНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Барскоон айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I -чакырылышынын XII-кезектеги сессиясынын**
# ТОКТОМУ

2026-жылдын 06-апрель **№29** Барскоон айылы

## Караколка айылчасы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, Караколка айылчасынын башкы планынын долбоору боюнча айыл башчысы М.Ибаковдун маалыматын угуп жана талкуулап, жергиликтүү тургундардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен, Барскоон жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Караколка айылчасынын башкы планынын долбооруна жергиликтүү бюджеттен 900 000 (тогуз жүз миң) сом жана сырт өрөөнүндөгү ар кандай жумуштарына күйүүчү майына 100 000 (бир жүз миң) бөлүп берүүгө макулдук берилсин жана калган жетпеген 400 000 (төрт жүз миң) сом акча каражаты 6 айлыктын жыйынтыгында кароого сунушталсын.
2. Кабыл алынган чечимге ылайык мыйзам чегинде иш алып баруу, чечүү жагы Барскоон айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы А.С.Калыковго милдеттендирилсин.
3. Бул токтом Барскоон жергиликтүү кеңеши менен Барскоон айыл өкмөтүнүн расмий веб-сайтына жарыялансын.
4. Жергиликтүү кеңештин жооптуу катчысы Н.Шабданбаева бул токтомду каттоого алсын жана токтомдун көчүрмөсү менен бирге ченемдик-укуктук актылар Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Ысык-Көл облустук башкармалыгына жөнөтсүн.
5. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы финансы-экономикалык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы А.Букаровго жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

**Төрага** **Ч.А.Ажыбеков**

---

Жиберилди: айылдык кеңештин иш кагаздарына 1-нуска, юстицияга -2 нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына -1 нуска, баардыгы – 4 нуска